sprachwissenschaftlicher Begriff, sondern auch als Kategorie für verschiedene Gebrauchsformen. Die für Lehrwerke aufgearbeitete Form von Grammatik nennt man daher Lehrbuchgrammatik, egal nach welchem System sie sich richtet. In Übungsgrammatiken wird der Gebrauchsaspekt der Wiederholung und des Trainings hervorgehoben. Übungsgrammatiken, die meist mit einer kurzen Regelwiederholung versehen sind und Aufgaben mit Lösungsschlüsseln für alle wichtigen grammatischen Ansätze und für verschiedene Lehrbücher.

Unter einer Lernergrammatik versteht man zum Ersten das interne, unbewusste Grammatikverständnis, das sich ein Lerner im Laufe des Erwerbs aufbaut. Zum zweiten wird mit Lernergrammatik auch die Grammatik bezeichnet, die Lerner für sich selbst bewusst entwickeln, indem sie Hypothesen über die fremde Sprache bilden und diese notieren. Zum dritten bezeichnen Lernergrammatiken auch solche Grammatiken die von Autoren speziell für Lernzwecke konzipiert werden. Solche Lerngarmmatiken können Grammatiken in Lehrbüchern oder Übungsgrammatiken sein.

Literaturverzeichnis:

1.Teo Harden Angewandte Linguistik und Fremdsprachendidaktik, Gunter Narr Verlag Tübingen 2006 S. 11-19

2. Jörg Roche Fremdsprachenerwerb und Fremdsprachendidaktik 2.überarbeitete und erweiterte Auflage; A Francke Verlag Tübingen und Basel 2008 S.89-91

3. Ralph Köhnen (Hg) Einführung in die Deutschdidaktik Verlag J.B. Metzler Stuttgart*Weimar 2011, S 89

4.Baumgartner, Peter (1997): Didaktische Anforderungen an (multimediale) Lernsoftware. In: Issing, Ludwig J./Klimsa, Paul (Hg): Information und Lernen mit MultimediaWeinheim.241-252.

5. Wendt, Michael (1996): Konstruktivische Fremdsprachendidaktik. Lerner-und Handlungsorientierter Fremdsprachenunterricht aus neuer Sicht. Tübingen.

6. Wolff, Dieter (1996) Kognitionspsychologische Grundlagen neuer Ansätze in der Fremdsprachendidaktik. In: Info DaF 235,5. 541-560

http://narr-studiebbuecher.de

https://www.lernhelfer.de/schuelerlexikon/deutsch/artikel/was-ist-sprache

https://de.wikipedia.org/wiki/Sprache

https://www.duden.de/rechtschreibung/Sprache

https://www.francke.de

https://de.wikipedia.org/wiki/Spracherwerb

www.metzlerverlag.de/webcode

Рецензент: филол.и.д., и.о. профессора Садыкова С.З.

УДК: 74

DOI 10.33514/1694-7851-2021-2-52-55

Мамбетакунов Рысбек Турганбаевич

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетин, Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасынын окутуучусу

Мамбетакунов Рысбек Турганбаевич

Кыргызский госдарственный университет им. И. Арабаева, Факультет художественный культуры и образования, преподаватель кафедры ИЗО и дизайна

Mambetakunov Rysbek Turganbaevich

Undergraduater of pedagogical department Ishenaly Arabaev Kyrgyz state university, faculty of artistic and education

РУХАНИЙ ДӨӨЛӨТТҮН НАРК-НАСИЛИН ОКУП ҮЙРӨНҮҮ-ЭЛДҮҮЛҮКТҮ САКТООГО ӨБӨЛГӨ

ИЗУЧЕНИЕ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ-СПОСОБСТВУЕТ СОХРАНЕНИЮ НАСЕЛЕНИЯ
LEARNING THE VALUES OF SPIRITUAL VALUES-CONTRIBUTES TO THE PRESERVATION OF THE POPULATION

Аннотация: Бул макалада кыргыз элинин көркөм кол өнөрүнүн өзгөчө түрү болгон зергерчилик кол өнөрүн окутууда, жалпы билим берүүчү, орто жана атайын жогорку окуу жайларда, жана мектеп курагында зергер кол өнөрүн үйрөтүү туралуу айтылды. Биздин өсүп келе жаткан муун маданиятыбызды жана кол өнөр тармагын терең өздөштүрмөк деген ойдомун. Башка элдердин кол өнөрчүлүгү сыяктуу эле, зергерчилик кол өнөрү да байыртадан келе жаткан чыгармачылык кесип деп билебиз. Бул азыркы жогорку жана орто окуу жайларда колдонуп окуп жаткан живопись, скульптура, архитектура өнөрүнүн катарында окуп үйрөнүшүбүз керек.

Аннотация: В статье обсуждается преподавание ювелирных изделий, особого вида кыргызских ремесел, в общеобразовательных, средних и высших учебных заведениях, ювилирных изделиях школьного возраста. Я думаю, что у нашего молодого поколения будет более глубокое понимание нашей культуры и ремесел. Как и ремесла других народов, мы знаем, что ювелирное дело-древняя творческая профессия. Его следует изучать как живопись, скульптуру которое используется в современном высшем и среднем образовании.

Annotation: The article examines the teaching of jewelry, especially a variety of Kyrgyz craft, in general, secondary and higher educational, institutions, jewelry making of school age. I think our younger generation will have a deeper understanding of our culture and crafts. Like other peoples, we know that jewelry is ancient profession. It follows, the study of painting, sculpture, which is used in modem higher and secondary education.

Түйүндүү сөздөр: каада-салт, зергер, тарбия, адеп-ахлак, мурас, маданият, тарых, үрп-адат.

Ключевые слова: обычаи, украшения, образование, нравственность, наследие, культура, история.

Key words: customs, jewelry, education, morality, heritage, culture, history.

Кыргыз эли эгемендүүлүктү колго алган күндөн баштап өзүбүздүн маданиятыбызга, тарыхыбызга, каада - салтыбызга жана унутулуп бара жаткан элдик баалуулуктарыбыз, кол өнөрчүлүгүбүздү кайрадан жандандырып сактап калуу үчүн, жаштарга студенттерге туура тарбия берип аларга үйрөтүүгө болгон аракетибизди жасоо керек деп эсептейм. Азыркы учурда Кыргыз элинин совет доорунан бери унутта калып калган руханий дөөлөттөрдүн бири болгон кол өнөрчүлүк. Азыркы учурда кайрадан жанданып баштаганын байкоого болот [3].

Жаш муундарды тарбиялоодо маданиятыбызга этномаданиятыбызга багыт берүү аркылуу адеп ахлактыкка үндөп тарбия бере алсак болот. Аларды окутуп жатканда интерактивдүү методдорду пайдалануу менен жаштарды басып өткөн тарыхыбыз жөнүндө айтып берип анын ичинен этномаданиятка токтолуу менен бирге салттуу кол өнөрчүлүктү үйрөтүшүбүз зарыл.

Бүгүнкү турмуш элибиздин келечеги чындыгында ар бир инсанды ойлондурбай койбойт. Анткени биз кыргыз эли өз энчибизди алып, көз карандысыз мамлекет болгонубузга канча жылдар болсо дагы биз азыркы кезге чейин өз элибиздин болочокко көз карашы кыйын болуп жатканы баарыбызга маалым, өзгөчө маданий, көркөм чыгарма багытында элибиздин турмуштук философиясы менен адеп - ахлак түшүнүктөрү, таалим тарбиясы менен устаттык чеберчилиги көөнөрбөс дөөлөттөрдүн бири.

Биздин элибиздин байыртадан келе жаткан салт - санаабыздын уңгулуу рухий маданияттын, улуттуу адеп казынасын сактап калуу. Аны терен окуп - үйрөнүп канга сиңирүү

ар тарапта илимий иликтөөгө алып ажарын ачуу, таалим тарбия ишинин бардык чөйрөсүндө жана баскычында кеңири колдоно билүү маанилүү иштерден экени талашсыз [2].

Кыргыз элинин көркөм кол өнөрүндөгү өзгөчө түрү болгон зергерчилик кол өнөрүн окутууда республикада жалпы билим берүүчү орто жана атайын жогорку окуу жайларда, жана мектеп курагынан зергер кол өнөрү туралуу тааныштырсак, биздин өсүп келе жаткан муун маданиятыбызды жана кол өнөр тармагын терең өздөштүрмөк деген ойдомун.

Башка элдердин кол өнөрчүлүгү сыяктуу эле, зергерчилик кол өнөрү да байыртадан келе жаткан чыгармачылык кесип деп билебиз. Бул азыркы жогорку жана орто окуу жайларда колдонуп окуп жаткан живопись, скульптура, архитектура өнөрүнүн катарында окуп үйрөнүшүбүз керек.

Биздин элибиз байыркы көчмөндүү шарттарда эле кол өнөрчүлүгүн кеңири тааныткан жана колдонгон. Зергерчилик, булгары буюндарын көркөмдөп жасалгалоо кол өнөрчүлүктүн биздин маданиятыбыздын бир бөлүгү [1].

Зергерчиликти азыр бүгүнкү күндүн талабына, рынок шартынын деңгээлине жеткизишибиз керек. Эмгек маянанын күңүмдүк жашоого жетпегендигинен улам, жаштар өз кесибин өзгөртүүдө жана массалык миграцияга учуроодо.

Зергерчилик өнөргө тарбиялоо мектеп курагынан баштап үйрөтүү эң зарыл. Же болбосо сабактан тышкары уюмдарын уюштуруу менен ар бир мектеп базасында көркөм чеберканаларды ачуу жана керектүү шаймандар менен жабдыктоо учурдун талабы.

Өспүрүмдөр азыркы мезгилде ар кандай компьютердик оюндар менен жөн гана убакытты текке кетирип жүрүшөт. Мамлекеттик
деңгээлде ушул маселени козгосок, мектеп программасына кол өнөрчүлүктү киргизип милдеттүү түрдө окутулса, келечек муундарга байыртан калган өнөрдүн учун улап кетүүгө көмөк көрсөткөн болот элек.

Ата - бабадан келе жаткан мурасты тээ тереңине чейин түшүндүрүп, аны таанып, сактап, колдон келишинче өркүндөтүп урпактарга өткөрүп берүү биздин милдетибиз. Андыктан, балага тарбия берүү үй - бүлөдөн башталаарын эч унутпашыбыз керек. Мисалы: Эне, бала жарык дүйнөгө келген күндөн тарта бешик ырын ар дайым ырдап берүү менен бирге, баланын тилинин тез чыгышына жана эне бала ортосундагы байланыш өтө тыкыс болооруна эч күмөнүм жок. Буга мисал катары тарыхта калган жүз баланы айтсак болот. Андан кийин ата баласына ар дайым жомок айтып берүү менен бирге баланын ойлоо сезимин, элестетүүсүн жана мекенге болгон сүйүүсүн өркүндөткөн.

Атасы баласын ар дайым жанына ээрчитип жүрүп, кол өнөрчүлүктү үйрөтүү менен бирге, аны элибиздин эч нерсеге алмаштыргыс байлыгы экендигин ар дайым эскертип келген. Азыр да биз ошол ыкманы кайрадан пайдалануу менен жаш муундарга көп нерсени үйрөтсөк болот деп эсептейм.

Кыргыз кыздарынын чачына болгон мамилеси өзүнчө бир чоң философия. Убакыттын тардыгына байланыштуу ага токтолбостон, чач жасалгасы тууралуу кеп кылсак. Мисалы: Чолпу, чач учтук, чач папик, тууралуу айтсак кыз келиндер чолпуну, чач учтукту чачтарына бекитип тагып жүрүшкөн. Аны жалгыз эле сулуулук үчүн эмес, бойду түздөп жүрүш денени түз алып жүрүү үчүн да байыркы апаларыбыз, эжелерибиз тагынып келишкен.

Кыргыз эли көчмөн калк болгондуктан, боз үйдө жашашкан, андыктан боз үйгө сырттан эркек киши келе жатканда үн чыгарып ишарат кылса, аял кишинин чачына тагылган чолпудан шылдырап үн чыгып тургандыктан, аял киши келе жатканын билишкен. Ал эми азыркы заманда булардын баары унутулуп, эч ким пайдаланбай калды.

Айтайын дегеним, өмүрдө эки нерсе адамды чоң сыймыкка бөлөйт. Биринчиси, өзүндөн артык муунду тарбиялаганың. Экинчи маселе, ата - бабадан келе жаткан мурасты тээ тереңине чейин түшүнүп, ошону таанып, сактап, колдон келишинче өркүндөтүп анан урпактарга өткөрүп бергениң. Ушунун баары тарбияга кирет. Улуттун тамырына экинчиден мурас кирет.

Мурас - бул сага чейинки ата - тектин, муундардын жетишкендиги, байлыгы. Анын ичинде жашоонун аксиомалары аталган макал-лакаптар, элдик оозеки чыгармачылык бар.

Манас баштаган эпосторубуз, дастандарыбыз, төкмөлүк, каада-салт, узчулук өнөрдүн баары мураска кирет. Ошол эрежелер менен жашоонун маңызын бузбай, табият жана коомдун ичиндеги байланышты үзбөй улут катары сактоо абзел [5].

Биздин унутулуп бара жаткан зер буюмдары дагы ата- бабабыздан калган мураска кирет. Алар иймек, чачпак, чолпу, чач учтук, сөлкөбай, седеп, топчу, бойтумар, көрчөгө. Бул зер буюмдар жеке эле кооздук болбостон, аялдардын жаш курагын айгинелеп турган. Кыргыздар ак деген сөзгө жакын болгон. Ошондон чыгар, ак түстүү күмүшкө жакын болгону. Жогоруда аталган зер буюмдун бардыгы күмүштөн жасалган.

Байыртадан эле кыргыздырда зер буюмдарды тагынган аял затынын кадыр баркын билдирген жана ошондой эле, салт – санаага байланыштуу пайдаланылган. Мисалга алсак: Чач учтук кыз күйөөгө чыкканда, беш көкүл чачын жыйнап, эки бөлүп өрүп, чачтын учуна тагынган. Кыргыздар элдин куту аялдын чачында деп билишкендиктен, алардын чачын эч качан кырккан эмес [4].

Жыйынтыктап айтканда, биз жаштарга этномаданиятты окутуу менен бирге кол өнөрчүлүктү үйрөтүүнү зарыл деп эсептейм. Мектеп курагынан баштап ар бир бала өз колу менен бир буюмду жасаганды үйрөнсө өзүнө ишеним пайда болот, ишеним пайда болсо ал баланын келечекке көз карашы да туруктуу болуп өсөт эле. Эгер жаштардын кол өнөрчүлүккө болгон кызыгуусу артырсак.

Кол өнөрчүлүк кыргыз элинин көөнөрбөс кол тийгиз байлыгы экенин азыркы заманбап жаштарга жеткире алмакпыз деп ойлойм.

Колдонулган адабияттар:

1. Булгаары буюмдарын көркөмдөө ыкмалары. Моңолдоров Ш.К. Бишкек - 1994. 110-б.
2. Кыргыз улуттук оймолору. А. Найзабеков Бишкек 2016
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек 2016
4. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. А. Акматалиев Бишкек, 1996
5. Руско-киргизский словарь. К.К. Юдахин Фрунзе 1965

Рецензент: п.и.к., Джакыпов К.К.

УДК: 821. 512. 154
DOI 10.33514/1694-7851-2021-2-55-62

Ормонова С.
И. Арабаев атындагы КМУнун Гуманитардык колледжинде окутуучу
Ормонова С.
Преподователь Гуманитарного колледжа КГУ им. И Арабаева
S. Ormonova
Teacher of the Humanities College of I. Arabaev Kyrgyz State University

АКЫНДАР АЙТЫШЫНДАГЫ САТИРА ЖАНА ЮМОРДУН БЕРИЛИШИ
САТИРА И ЮМОР В АЙТЫШАХ АКЫНОВ
SATIRE AND HUMOR IN AYTYSH AKYNS

Аннотация: Бул макалада кыргыз айтыштарындагы сатира жана юмордун кандай деңгээлде берилгендиги жөнүндө сөз болот. Акындар айтышында уникалдуулук, спецификалуулук, индивидуалдуулук, чыгармачылык дарамет, чечендик талант ж. б. бири-бири менен тыгыз байланышта экендиги каралган. Ушул өзгөчөлүктөр акындар айтышында сатира жана юмордун кеңири, ачык – айкын кээ бир убактарда курч мүнөздө берилиши менен айырмаланат. Сатира жана юмор өзгөчө тамаша, кордоо айтыштарында, ар башка уруулар же